# Улуттук банктын ноталары

*(2016-жылдын май айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан төрт аукцион өткөрүлгөн, анда жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү өткөн айдагыдай эле 8,0 млрд сомду түзгөн.

Өткөрүлгөн аукциондордогу суроо-талаптын орто аукциондук көлөмү[1] 30,0 пайызга, 4,2 млрд сомго чейин төмөндөгөн. Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатына ылайык, кароого алынып жаткан мезгил ичинде сатуу көлөмү 7 күндүк ноталар менен гана берилген. Сатуунун жалпы суммасы өткөн ай сыяктуу эле 8,0 млрд сомду түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата жүгүртүүдөгү ноталар көлөмү жыл башынан тартып 6,2 пайызга төмөндөө менен 2,0 млрд сомду түзгөн. Улуттук банктын ноталарына негизги ээлик кылуучулардан болуп 98,8 пайыз үлүшү менен (+1,2 п.п.) коммерциялык банктар саналган.

Ошентип, кароого алынып жаткан мезгил ичинде сатуунун орто аукциондук көлөмү өткөн айдагыдай эле 2,0 млрд сомду түзгөн.

Ошол эле мезгилде Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү 0,9 пайызды (-0,2 п.п.) түзгөн.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




[1] Ай ичинде аукциондордун саны туруктуу болбогондуктан, бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сатуунун динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк Улуттук банктын ноталарына ээлик кылуучулардын түзүмү**

*млн сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Юридикалык жактар - резиденттер | | Жеке адамдар - резиденттер | | Институцион. инвесторлор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.06.2015 | 427,8 | 258,0 | 60,3% | 152,0 | 35,5% | 0,0 | 0,0% | 17,8 | 4,2% |
| 01.07.2015 | 777,5 | 695,5 | 89,5% | 64,0 | 8,2% | 0,0 | 0,0% | 18,0 | 2,3% |
| 01.08.2015 | 1 292,9 | 1 239,0 | 95,8% | 53,3 | 4,1% | 540,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.09.2015 | 558,0 | 518,0 | 92,8% | 0,0 | 0,00% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.10.2015 | 784,0 | 711,0 | 90,7% | 73,0 | 9,3% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.11.2015 | 2 017,2 | 1 919,0 | 95,1% | 98,2 | 4,9% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.12.2015 | 931,0 | 927,0 | 99,6% | 4,0 | 0,4% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.01.2016 | 2 131,5 | 2 081,0 | 97,6% | 50,5 | 2,4% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.02.2016 | 2 336,0 | 2 278,0 | 97,5% | 58,0 | 2,5% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.03.2016 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.04.2016 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.05.2016 | 2 000,0 | 1 999,9 | 100% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.06.2016 | 2 000,0 | 1 976,4 | 98,8% | 23,6 | 1,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |